респ бюджеттин эсебинен төлөнөт.8-класстын 1 сааты биология сабагына жана 5-класстын бир сааты кыргыз тил сабактарына тереңдетип окутуу үчүн берилди.

1-класстан -5-класска чейин ар бир класста жумасына бир саат турмуш тиричиликтин коопсуздугунун негиздери (ТТКН) окутулат. ТТКН курсунун аскердик кызмат өтөөнүн аспекттери менен байланышкан мазмууну аскерге чейинки даярдык сабагына киргизилген.

Негизги жалпы билим берүүчү программалар боюнча окуучулардын билим денгээлин баалоо КР Билим берүү жана илим министрлигинин нормативтик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.Окуу сабактары 2-сентябрда башталып 25-майда аяктайт. Окуу жылы эс алуу күндөрүн эсепке кошпогондо Окуу жылынын узактыгы : 1-класста -33 окуу жумасын, 2-4-класстарда – 34 окуу жумасын, 5-11-класстарда сынактык учурду эске алуу менен 34 төн 36 га чейин окуу жумасын түзөт. 1-класстын окуучулары үчүн сабактын узактыгы-40 мүнөт.ал эми 2-11-класстар үчүн -45 мүнөт.

Каникулдардын узактыгы төмөндөгүдөй: -күзгү-8 күн. 4-ноябрдан 11--ноябрга чейин.

-кышкы -12 күн 30-декабрынан 10-январга чейин;

-жазгы-10 күн- 21-марттан-30-мартка чейин.

Окуу сабактары 8-00дон эрте эмес убакытта башталат.

Үй тапшырмалардын көлөмү анны аткарууга кеткен убакыттан жогору болбошу керек:2-3-класстарда-1,5 саат,4-5-класстарда 2-саат, 6-8-класстарда-2,5 саат, 9-11-класстарда-3,5 саатка чейин.

Биринчи класстын окуучулары үчүн райондук БББ макулдашуусу менен 3-чейректе кошумча апталык тыныгуулар берилет.

Ар бир класстагы жыйынтыктоочу окуу жүктөмү жалпы билим берүүчү уюмдарынын окуучулары үчүн милдеттүү жана максималдуу мүмкүндүү болуп саналат.